## II. Насаатчылыктын максаттары жана милдеттери.

2.1. Насаатчылыктын максаты – жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадрлар боюнча мүмкүнчүлүгүн бекемдөө.

2.2. Насаатчылыктын негизги милдеттери:

. мектеп маданиятына көнүктүрүү, мектеп жамаатынын мыкты салттарын жана адеп ченемдерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү;

. жаш адистердин педагогикалык ишке дилгирлигин ойготуу жана аларды мектепке алып калуу;

. жаш адистин кесиптик өсүшүн камсыздоо, тапшырылган милдеттерди өз алдынча, сапаттуу аркылуу жөндөмүн өнүктүрүү.

## V. Насаатчынын укуктары.

Насаатчынын төмөндөгүдөй укуктары бар:

. сабактарды, класстан тышкаркы иштерди байкап, талдоо;

. жаш адистен оозеки жана жазуу жүзүндөгү жүргүзгөн отчётторун талап кылуу;

. мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын жана МУБ башчысынын макулдугу менен жаш адисти окутуп үйрөтүүгө мектептин башка мугалимдерин да катыштыруу;

. кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо;

. жаш адис менен иштөөдөн баш тартуу;

. насаатчылык жаатында кесиптик чеберчилигинин жогорулатуу.

## VI. Жаш адистин милдеттери.

Насаатчылык мезгилинде жаш адистин төмөндөгүдөй милдеттери болот:

. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Мугалимдин статусу жөнүндө” мыйзамдарын, өз ишмердигин, мектептин түзүмүн, иштөө өзгөчөлүктөрүн жана функционалдык милдеттерин аныктоочу ченемдик актыларды окуп-үйрөнүү;

. насаатчы менен иштешүү планын аткаруу;

. өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча дайыма иштөө;

. насаатчыдан жаңычыл усулдарды жана иштөө ыкмаларын үйрөнүү;

. өзүнүн жалпы билим жана маданий деңгээлин өркүндөтүү;

. насаатчы менен бирге иштелип чыккан планга ылайык, өз ишмердиги жөнүндө отчёт берип туруу.

## VII. Жаш адистин укуктары.

Жаш адистин төмөндөгүдөй укуктары бар:

. насаатчыдан жардам алуу;

. өз ишин жакшыртуу боюнча сунуштарын мектеп жетекчилеринин кароосуна коюу;

. кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо;

. өз ишине баа берген даттануулар жана башка документтер менен таанышуу, алар боюнча түшүндүрмө берүү;

. өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;

. кесиптик адеп ченемдеринин бузулушуна байланыштуу өзүнүн таламдарын коргоо;

. насаатчы менен иштөөдөн баш тартуу.

## VIII. Насаатчынын ишин жетектөө.

8.1. Мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын төмөндөгүдөй милдеттери бар:

. жаш адисти мектептин педагогикалык жамаатына тааныштыруу, ага насаатчынын бекитилгендиги жөнүндө буйрукту жарыялоо;

. жаш адистин насаатчы менен биргеликте иштеши үчүн зарыл шарттарды түзүү;

. жаш адис менен насаатчынын өткөргөн айрым сабактарына жана предмет боюнча класстан тышкаркы иш-чараларына катышуу;

. насаатчылардын жаш адис менен иштешүү планын түзүшүнө усулдук колдоо көрсөтүү жана практикалык жардам берүү;

. билим берүү уюмундагы насаатчылыкты уюштуруу боюнча алдыңкы тажрыйбасында иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу.

8.2. Мектептеги усулдук бирикменин жетекчисинин төмөндөгүдөй милдеттери бар:

. усулдук бирикменин отурумунда насаатчынын иш планын карап чыгуу;

. насаатчынын жаш адис менен иштешүүсүнө тутумдуу, үзгүлтүксүз колдоо көрсөтүп туруу;

. мектептеги усулдук бирикменин отурумунда насаатчынын жана жаш адистин отчётун угуу, мунун натыйжалары менен мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарын тааныштыруу;

## IX. Насаатчылыкты жөнгө салуучу документтер.

9.1. Насаатчылыкты жөнгө салуучу документтерге төмөнкүлөр кирет:

. насаатчылык жөнүндө Жобо;

. насаатчыга жаш адис бекитилгендиги тууралуу мектеп директорунун буйругу;

. насаатчынын жаш адис менен иштетүү планы;

. насаатчы менен жаш адистин аткарган иши жөнүндө отчёттору;

. өз ара сабакка катышуу, көрүлгөн сабактар менен класстан тышкаркы иш – чараларды талдоо жана өзүн - өзү талдоо (ой жүгүртүү) дептерлери;

. насаатчылык маселелерин караган педагогикалык кеңештердин, Насаатчылар кеңешинин (эгер бар болсо) отурумдарынын протоколдору.

«Бекитемин» ___________

Мектеп директору: Джаныпбаева Ч.Т.
« 01 » 09 2022-ж.

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 2022-2023-окуу жылына карата жаш адистер менен иштөөнүн жылдык иш планы**

| № | Өтүлүүчү иш-чаралардын мазмуну | Мөөнөтү |
|---|---|---|
| 1 | Жаш мугалимдер менен аңгемелешүү. Насаатчыларды бекитүү. | Август |
| 2 | Жаны окуу жылына карата предметтер боюнча календарлык пландарды түзүүгө көрсөтмөлөр. | Сентябрь |
| 3 | Класстык,тарбиялык журналдарды толтуруу боюнча көрсөтмөлөр. | Сентябрь |
| 4 | Предметтер боюнча күндөлүк сабактын пландарын жазууга усулдук жардам көрсөтүү. | Октябрь |
| 5 | Мектеп иш кагаздарын жүргүзүү боюнча көрсөтмөлөр. | Октябрь |
| 6 | Сабактарга өз ара катышууну уюштуруу. | Ноябрь |
| 7 | Мектеп администрациясынын,усулдук бирикмелердин жетекчилеринин жаш мугалимдердин сабактарына катышуусу. | Ноябрь |
| 8 | Практикалык семинар.Окуу программасынын 1-жарым жылдыкта аткарылышы. Мектеп иш кагаздарынын үстүндө иштөө. | Январь |
| 9 | Өтүлгөн сабак боюнча өзүнө-өзү анализ берүү. | Февраль |
| 10 | Окуу процессинде окуучулардын өзүн-өзү текшерүү көндүмдөрүн калыптандыруу. | Март |
| 11 | Ар түрдүү категориядагы окуучулар менен жекече иш алып барууну уюштуруу. | Апрель |
| 12 | Жаш мугалимдердин ачык сабактарга катышуусу. | Жыл ичи |
| 13 | Жаш мугалимдер менен ангемелешүү. | Жыл ичи |
| 14 | Анкета жүргүзүү. Жаш мугалимдердин профессионалдык деңгээлин аныктоо. | Ноябрь<br>Апрель |
| 15 | Администрация тарабынан окуучулардын билим денгээлин текшерүү. | Май |
| 16 | Жыйынтыктоо. | Май |

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Нарымбетова Г.М.

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2021-2022- окуу жылында иштеп жаткан жаш адистери жөнүндө маалымат**

| № | Аты-жөнү | Туулган күнү,айы, жылы | Билими | Окуган окуу жайы,бүтүргөн жылы (бюджет,контракт) | Диплом боюнча адистиги | Предмети | Насаатчысы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Тилек кызы Арууке | 26.06.1994 | Атайын орто | БГУ,колледж, 2016-ж Окуу формасы: күндүзгү, контракт. | Негизги билим берүү бөлүмүнүн чет тил мугалими | Англис тили | Абдыкаарова Асылкан Назирбековна |

Мектеп директору: Джанышбаева Ч.Т.

## №10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2022-2023- окуу жылында иштеп жаткан жаш адистери жана насаатчылары жөнүндө маалымат

| № | Ф.А.А. | Туулган күнү,айы, жылы | Билими | Окуган окуу жайы,бүтүргөн жылы (бюджет,контракт) | Диплом боюнча адистиги | Пед. стажы | Предмети | Насаатчысы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаналы кызы Гулиза | 28.07.1991 | Жогорку | ОШКУУ,2014-ж | Химия | 2 | Химия | Тургунбаева А.А. |
| 2 | Сулайманова Гулзина Абдрахмановна | 27.12.1986 | Жогорку | ЖАГУ,2012-ж | Математика | 0 | Математика | Эргешова А.Ы. |
| 3 | Боруева Бермет Абдуллаевна | 10.06.2000 | Бакалавр | КМУ 2022-ж | Англис тили | 0 | Англис тили | Жуманалыева Н.Ж |

Мектеп директору: Джанышбаева Ч.Т.

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 2022-2023-окуу жылында усулдукдук кеңешинин жыйналышынын протоколу**

03.10.2022 Катышты-7

Каралуучу маселе:

1.Жаш мугалимдерге насаатчыларды бекитүү,насаатчылар ккңешин түзүү.

2.Жаш мугалимдерге семинар өтүү(журналдарды толтуруу,календардык,күндөлүк пландарды түзүү,көрсөтмө куралдарды жасоодо жүргүзүлгөн иштер жөнүндө).

1-маселе боюнча усулдук кеңештин төрайымы Г.М.Нарымбетова 2022-2023-окуу жылында жаңы жаш адистер менен толукталганын айтып,алар менен тааныштырды.

Ар бир жаш мугалимге тажрыйбалуу мугалимдерден насаатчы мугалимдер бекитилди.

Алар:

1.Жаналы кызы Гулиза –Тургунбаева А.(биология)

2. Сулайманова Гулзина –Эргешова А. (математика)

Насаатчылык кеңеш түзүлүп,алардын функциялары ,милдеттери менен тааныштырып өттү.

2-маселеде усулдук кеңештин төрайымы Г.М.Нарымбетова жаш адистерге семинар өттү.Семинарда предмет боюнча календардык пландын түзулүшү,күндөлүк план-конспекттин жазылышы ,журналдарды толтурууда көрсөтмөлөр менен тааныштырып ,так маалымат берди.

Сабактардын сапаты ,мазмуну ,окуучуларга жеткиликтүүсү,сабактардын типтүү кемчиликтери тууралуу усулдук материалдар менен слайддарды пайдаланып усулдук материалдарын баяндады.

Жогорудагы маселелелди угуп жана талкуулап усулдук кенеш төмөнкүдөй чечим кылат.

1.Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип ,насаатчылар кенеши түзүлсүн.

2.Насаатчылар кеңешинин мүчөлөрү өз функцияларын ,милдеттеринөз убагында аткарууга милдеттендирилсин.

3. Насаатчылар жаш адистердин чыгармачыл иштөөсүнө көмөктөшүп ,жардам берүү иши колго алынсын.

4. Насаатчылар менен жаш мугалимдер аткарган иштери тууралуу анализ берип туруусу милдеттендирилсин.

Усулдук кеңештин төрайымы: Г.М.Нарымбетова